Х.Жээнбаев атындагы
мектеп-лицейи

# АЧЫК САБАК

## Тема:
## “Физика, табият жана турмуш”




Мугалим: Исмаилова А.Б.

Сканировано с CamScanner

**Күнү: 21.10.2022**

**Классы:** 7 «а»

**Предмети:** физика

**Сабактын темасы:** Физика, табият жана турмуш

| Сабактын максаттары: | Күтүлүүчү натыйжалар: |
|---|---|
| **Билим берүүчүлүк: Окуучулар** физика, табият жана турмуш жөнүндө маалымат алышат. | **Билим берүүчүлүк: Окуучулар** физика, табият жана турмуш жөнүндө маалымат алышса |
| **Өнүктүрүүчүлүк:** Окуучулар алган билимдерин системалаштыра алышат, физика илими жонүндө маалымат алышат. | **Өнүктүрүүчүлүк:** Окуучулар алган билимдерин системалаштыра алышса, физика илими жонүндө маалымат алышса |
| **Тарбия берүүчүлүк:** Окуучулардын физика сабагына кызыгуусу артат. | **Тарбия берүүчүлүк:** Окуучулардын физика сабагына кызыгуусу артса |

**Сабактын жабдылышы:** 7-класстын физика окуу китеби, карточкалар, лист, маркер

| Этап | Мугалимдин иш аракети | Окуучулардын иш аракеттери | Компетенттүүлүк | Баалоо |
|---|---|---|---|---|
| Уюштуруу | Саламдашат.Уюштуруу менен сабагын баштайт. | Мугалим менен саламдашышат .Окуукуралдарынтолукташат. | НК3 | |
| Уй тап - н текшерүү | | | | |
| Жаны теманы түшүндүрүү | Физика гректин «фюзис» деген сөзүнөн алынган. Бизче «табият» дегенди билгизет. Демек, физика бул табият жөнүндөгү илим. | Физика илими жонундо тушунушот.Физика илими эмне жонундо илим экендигин билишет. | НК1 | ПК1 ПК2 |
| Бышыктоо рефлекси | Физика илими жонундо талкуулашат. | Окуучулар тушунбогон суроолорун беришет. | | |
| Үйгө тапшырма | Физика, табият жана турмуш эмне экендигин билип келүү. | | | |

Сканировано с CamScanner

**Сабактын негизги мазмуну:**

Физика гректин «фюзис» деген сөзүнөн алынган. Бизче «табият» дегенди билгизет. Демек, физика бул табият жөнүндөгү илим.

Табият арабдын «аттабиа» деген сөзүнөн алынган. Бизче «жаратылыш», «болмуш» дегенди билгизет. Ошондуктан кыргыз элинде табият менен жаратылыш бирдей мааниде колдонулат. Адамзатты курчап тургандардын бардыгын: жанжаныбарларды, өсүмдүктөрдү, аба менен сууну, тоо-таштарды, Жер менен Айды, Кун менен планеталарды, алыстагы жылдыздарды да адамдар өздөрү табият же жаратылыш деп атап алышкан. Адам өзү дагы табияттын ажырагыс бир бөлүгү.

Турмуш бул элдин күндөлүк жашоо-тиричилиги. Адам турмушунун деңгээли адамдын табият менен болгон мамилесине, жөндөмүнө жана аракеттеринин жемишине жараша болот.

«Физика» термини биринчи жолу байыркы грек ойчулу Аристотелдин (биздин заманга чейинки 384322жылдар) чыгармаларында кездешет. Ал эми орус тилинде «физика» деген созду немец ти линен которуп чыгарган окуу китебинде биринчи жолу М. В. Ломоносов колдонгон.

Жаратылышта болгон жана болуп жаткан озгөруулорду уйронуу менен адамзат оз турмушун жакшыртуунун камын көруп келген. Ошондуктан адамдар табияттын өзгөрүүлөрүн ар дайым көңүл бурушкан. Аларды байкап, сырларын түшүнүүгө аракеттенишкен.

Жаратылышта болгон бардык өзгөрүүлөр ***кубулуштар*** деп аталат.

Физикада механикалык, жылуулук, электрдик, магниттик жана жарык кубулуштары оку лат.

Механикалык кубулуштарга көзубуз менен көруп, байкаган бардык кыймылдар кирет. Алсак курткумурскалардан баштап, космос кемелеринин, ал эмес Жер, Ай, Кун сыяктуу космос объектилеринин кыймылы да механикалык кубулуштар болуп эсептелет.Жылуулук кубулуштарына ысуу жана муздоо, тонуу жана эруу, буунун пайда болушу, шамалдын пайда болушу жана башкаларды ко шууга болот.

Электр кубулуштарына электр тогун алуу, электрди уй шартында, ендурүште, айыл чарбасында колдонуу, чагылгандын чартылдашы, кун дун куркурешу мисал боло алат.

Магниттик кубулуштардын мисалы катары магниттин темирлерди өзунө тартуусун, компастын жардамы менен Жердин уюлдарына жа раша багыт алууну, электр тогун пайда кылуучу тузулуштөрдун иштешин келтирсек болот.

Жарык кубулуштары жарык нурунун тузулушу, жарыктын тара лышы, келекенун пайда болушу, ар кандай тустердун бар экендиги аркылуу тушун дуру лет.

Жогоруда белгиленген кубулуштар адамдын кунделук турмушунда ар дайым жолугуп, бизге кенумуш болуп калган көрунуштөрден. Алар дын мацызын тушунууге анча деле кенул белбейбуз. Бирок, бир аз ойлонуп, өзубузго суроо берип керсек, ал кубулуштардын мацызын билбегенибиз дароо эле байкалат.

Мисал келтирели: Эмне учун ташты жерден ейде кетеруп коё бер сек, ал жерге тушет? Эмне учун кайнак еуу куюлган чыныга кашык салсак, ал ысыйт? Эмне учун от жагылбаса деле, электр лампочкасы жарык берет? Суу, буу, муздун бирибиринен кандай айырмасы бар? Эмне учун бир белмеде турган темирди кармасак муздак, ал эми жы гачты кармасак андай музактыгы сезилбейт? Радио, телевизор, телефон, компьютердин иштеши эмнеге негизделген? Мына ушуга окшогон суроолорго жооп бериш учун физиканы окуп уйронушубуз керек.

Сканировано с CamScanner

физика менен техника атамзамандан бери бирге онугуп келе жа тат. Техниканын пайда болушу физика илимине негизделген. Женекей кайчыны пайдалануудан баштап, космос кемелеринин учушуна чейин физиканын законченемдери колдонулат.

**Бышыктоо**:

1. «Физика» деген сез эмнени тушундурот?

2. «Табият» дегенди кандай тушуносун?

1. Адамдын турмушуна табияттын тийгизген таасири барбы?
2. «Физика» деген термин илимге ким тарабынан киргизилген.

**Баалоо**:

**Үйгө тапшырма**: Физика, табият жана турмуш. Окуу, жазуу.

**Тест 7 - класс**

**Вопрос 1**

Физика деген сөз эмнени түшүндүрөт?

- Табият
- Болумуш
- Кубулуш

Вопрос 2

Табият деген эмне?

- Жаратылыш, болмуш
- Кубулуш, жаратылыш
- Болмуш, кубулуш

Вопрос 3

Физика деген термин илимге ким тарабынан киргизилген?

- Бируни
- Ломоносов
- Аристотель

Вопрос 4

Жаратылышта болгон бардык өзгөрүүлөр ... деп аталат.

- Жылуулук
- Кубулуш
- Жарык

Вопрос 5

Физикалык кубулуштардын түрлөрүн атагыла?

- Механика, молекулярдык физика, электричество, оптика, ядролук физика
- Механикалык, жылуулук, электрдик, магниттик, жарык
- Кинематика, динамика, статика

Сканировано с CamScanner

Вопрос 6

Физика курсунун кандай бөлүмдөрү бар?

- Механика, молекулярдык физика, электричество, оптика, ядролук физика
- Жылуулук, электрдик, магниттик, жарык
- Кинематика, динамика, статика

Вопрос 7

Ааламда биздин аң сезимибизден сырткары жашагандардын баары ... деп аталат.

- Нерсе
- Материя
- Зат

Вопрос 8

Физикадагы негизги чоңдуктар кайсылар?

- Узундук, масса, убакыт
- Метр, килограмм, секунда
- Километр, грамм, минута

Вопрос 9

Убакытты өлчөө үчүн колдонулуучу курал?

- Термометр
- Секундомер
- Мензурка

Вопрос 10

Температураны өлчөө үчүн колдонулуучу курал?

- Термометр
- Секундомер
- Мензурка

Сканировано с CamScanner